| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ<br>КЕҢ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КЕН-ТАЛААСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# Кең-Талаа айылдык кеңешинин токтому

**2026-жылдын 03-марты № 10** **Бешкент айылы**

## "Кыргыз Республикасында географиялык аталыштар жөнүндө"

Кең-Талаа айылдык кеңешинин 2025-жылдын 25 мартындагы №17 токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндөгү Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн сунушун угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын "Ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Мыйзамынын 17-беренесине жана Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 39-беренесине ылайык Кең-Талаа айылдык кеңеши

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т:**

1. Кең-Талаа айыл аймагынын "Кайрагач" айылынын тургундарынын жалпы чогулушунун протоколу жана Кең-Талаа айылдык кеңешинин мамлекет-тик мыйзамдуулук, коомдук тартип жана жарандардын укугун сактоо боюнча турукуу комиссиясынын протоколдору көңүлгө алынсын.
2. Кең-Талаа айыл аймагынын " Кайрагач"айылындагы Уринбаева Бисомина көчөсүнө Бахча-1 деген наамды ыйгарууга макулдук берилсин.
3. Кең-Талаа айылдык кеңешинин 2025-жылдын 25-мартындагы " Кайрагач"айылындагы Бахча-1 көчөсүнө Уринбаева Бисомина деген наамды ыйгарууга макулдук берүү жөнүндө" №17 токтому күчүн жоготту деп табылсын.
4. Токтомдун аткарылышы Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Джумабаевге милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кең-Талаа айылдык кеңешинин мамлекеттик мыйзамдуулук, коомдук тартип жана жарандардын укугун сактоо боюнча турукуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кең-Талаа айылдык кеңешинин төрагасы:** **Б .Жумабайев.**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ<br>КЕҢ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КЕН-ТАЛААСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

# Кеҥ-Талаа айылдык кеңешинин токтому

**2026-жылдын 02-февралы № 5** **Бешкент айылы.**

**“Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө”**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-апрелиндеги №207 токтомунун жана 2025-жылдын 19-августундагы №712 тескемесинин негизинде Кеҥ-Талаа айыл өкмөтүнүн балансасында болгон ички чарбалык каналдарды Лейлек суу чарба башкармалыгынын балансасына өткөрүп берүү жөнүндөгү Кеҥ-Талаа айыл өкмөтүнүн сунуш катын угуп жана талкуулап Кеҥ-Талаа айылдык кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. “Кыргыз Республикасынын мүлккө муниципалдык менчик жөнүндөгү мыйзамынын” 15-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-апрелиндеги №207 токтомунун жана 2025-жылдын 19-августундагы №712 тескемесинин негизинде Кеҥ-Талаа айыл өкмөтүнүн балансасында болгон ички чарбалык каналдарды Лейлек суу чарба башкармалыгынын балансасына өткөрүп берүү макулдук берилсин.
2. Жалры балансалык баасы 3125313 (үч миллион жүз жыйырма беш миң үч жүз он үч миң) сомдук 1-2 катардагы 29494 км ички чарбалык каналдарды Лейлек райондук суу чарба башкармалыгынын балансасына өткөрүлсүн.
3. Жогоруда аталган 1-2 катардагы ички чарбалык каналдарды Лейлек райондук суу чарба башкармалыгынын балансасына өткөрүп берүү үчүн юридикалык документтерди даярдап өткөрүү жагы айыл өкмөтүнүн турак жай жана жер боюнча адиси Ж.Бекботоевко милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кеҥ-Талаа айылдык Кеңешинин муниципалдык менчик, айыл чарба жана жер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кеҥ-Талаа айылдык кеңешинин төрагасы:** **Б .Жумабайев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**БАТКЕН ОБЛУСУ**<br>**ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ**<br>**КЕҢ-ТАЛАА**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**КЕН-ТАЛААСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

## Кең-Талаа айылдык кеңешинин токтому

**2026-жылдын 02-февралы № 4** **Бешкент айылы.**

**Айыл чарба багытындагы жерлерди , Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын жерлери багытына которуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 11-беренесине ылайык, Кең-Талаа айыл аймагына караштуу Мурас айылындагы №292- контурдан 25 чм №308-контурдан 25 чм жалпы 50 чм жерди багытын өзгөртүү жөнүндөгү Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн сунуш катын угуп жана талкуулап Кең-Талаа айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кең-Талаа айыл аймагына караштуу Мурас айылындагы №292- контурдан 25 чм, №308-контурдан 25 чм жалпы 50 чм жерди скважина куруу үчүн "Айыл чарба багытындагы" жерлерди, "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын" жерлери багытына которууга макулдук берилсин.
2. Тиешелүү иш-кагаздарын Кыргыз Республикасынын нормативдик-укуктук актыларына ылайык жүргүзүү Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн жер жана турак жай боюнча адиси Ж.Бекботоевго жүктөлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кең-Талаа айылдык Кеңешинин муниципалдык менчик, айыл чарба жана жер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кең-Талаа айылдык кеңешинин төрагасы:** **Б .Жумабайев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ<br>КЕҢ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КЕН-ТАЛААСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# Кең-Талаа айылдык кеңешинин токтому

**2026-жылдын 02-февралы. №3** **Бешкент айылы.**

**Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын бюджетинин аткарылышы жана 2026-жылга бюджетин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-102-беренелерине жана Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин 2-пунктунун 2-пунктчасына ылайык, Кең-Талаа айылдык Кеңешинин бюджет, экономика жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап, Кең-Талаа айылдык кеңеши

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т:**

1. Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы К. Муратовдун билдирүүсү көңүлгө алынсын.
2. Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы бюджетинин аткарылышы жакшы деп табылсын.
3. Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы калдыгы 14015,1 жана 2026-жылга кабыл алынган жергиликтүү бюджетине жыл ичиндеги өзгөрүүлөр жана толуктоолор менен жалпы жыл ичинде бюджет 57 186,5 миң сом эсебинде киреше жана 72 913,3 миң сом чыгашалары бекитилсин.
4. Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын бюджетинин киреше жана чыгашалары 51 621,1 миң сом өлчөмүндө алымча кошумчаларын тактоо менен бекитилсин.
5. 1-Январь 2026-жылга бюджеттик каражаттардан калган 14015,1 миң сом акча каражаттарынын сметасы бекитилсин.
6. 1-Январь 2025-жылга атайын эсептен калган 5,0 миң сомдук акча каражаттарынын сметасы бекитилсин.
7. Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн 2025-жылда каржыланбай калган чыгымдарды
8. 2026-жылга каралган бюджетинин чегинде каржылансын.
9. Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн бюджети боюнча 2026-жылдын 1-январына карата жүргүзүлүүчү кассалык накталай акча 00,0 миң суммасында белгиленсин.
10. Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн 2026-жылга каралган бюджети 2026-жылдын 1-январынан ишке баштап киргизилсин.
    Бул чечимдин аткарылышын камсыздо Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы К.Муратовго көзөмөлдөө Кең-Талаа айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кең-Талаа айылдык кеңешинин төрагасы:** **Б.Жумабайев.**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ<br>КЕҢ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КЕН-ТАЛААСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

# Кең-Талаа айылдык кеңешинин VIII- чакырылышынын кезектеги XI-сессиясынын

**№ 45 Т О К Т О М У**

**Бешкент айылы** **29 декабрь 2025-жыл.**

**Айыл чарба багытындагы жерлерди , Калктуу конуштар жерлери багытына которуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 11-беренесине ылайык, Кең-Талаа айыл аймагына караштуу Жети-Таш айылындагы №1090- контурдан 1,0 га жерди багытын өзгөртүү жөнүндөгү Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн сунуш катын угуп жана талкуулап
Кең-Талаа айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кең-Талаа айыл аймагына караштуу Жети-Таш айылындагы № 1090-контурдан 1,0 га жерди таза суу кампасын куруу үчүн жайыт "Айыл чарба багытындагы" жерлерди, "Калктуу конуштардын жерлери" багытына которууга макулдук берилсин.
2. Тиешелүү иш-кагаздарын Кыргыз Республикасынын нормативдик-укуктук актыларына ылайык жүргүзүү Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн жер жана турак жай боюнча адиси Ж.Бекботоевго жүктөлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кең-Талаа айылдык Кеңешинин муниципалдык менчик, айыл чарба жана жер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кең-Талаа айылдык кеңешинин төрагасы:** **Б.Жумабайев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ
КЕҢ-ТАЛАА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕН-ТАЛААСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Кең-Талаа айылдык кеңешинин VIII- чакырылышынын кезексиз X-сессиясынын**

**№ 44 Т О К Т О М У**

**Бешкент айылы** **20 ноябрь 2025-жыл.**

**Айыл чарба багытындагы жерлерди ,Калктуу конуштар жерлери багытына которуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 11-беренесине ылайык, Кең-Талаа айыл аймагына караштуу Андархам айылындагы №822- контурдан 0,19га жерди багытын өзгөртүү жөнүндөгү Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн сунуш катын угуп жана талкуулап Кең-Талаа айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кең-Талаа айыл аймагына караштуу Андархам айылындагы № 822-контурдан 0,19га жерди кичи футбол аянтчасын куруу үчүн жайыт "Айыл чарба багытындагы" жерлерди,"Калктуу конуштардын жерлери" багытына которууга макулдук берилсин.
2. Тиешелүү иш-кагаздарын Кыргыз Республикасынын нормативдик-укуктук актыларына ылайык жүргүзүү Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн жер жана турак жай боюнча адиси Ж.Бекботоевго жүктөлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кең-Талаа айылдык Кеңешинин муниципалдык менчик, айыл чарба жана жер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кең-Талаа айылдык кеңешинин төрагасы:** **Б.Жумабайев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ<br>КЕҢ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КЕН-ТАЛААСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Кең-Талаа айылдык кеңешинин VIII- чакырылышынын кезектеги 7-сессиясынын**

**№ 34 Т О К Т О М У**

**2025-жылдын 28-июлу** **Бешкент айылы**

**“Айыл чарба багытындагы Мамлекеттик фондунун сугат айдоо жерин, калктуу конуштар “ категориясына которуу жөнүндө”**

Кең-Талаа айыл аймагына караштуу Эски-оочу айылындагы “Сарыжалаң” участкасынын №36 контурун Мамлекеттик фондунун (ФПС) 1,73га сугат айдоо жерин Эски-Оочу айылына мектеп куруу үчүн багытын өзгөртүү жөнүндөгү Кең-Талаа айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 22-июлундагы №86 сандуу сунуш катын угуп жана талкуулап Кең-Талаа айылдык кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Кең-Талаа айыл аймагына караштуу Эски-оочу айылындагы №36 контурдан 1,73га Мамлекеттик фондунун сугат айдоо жерин, мектеп куруу үчүн “Айыл чарба багытындагы сугат айдоо жерлер категориясынан, калктуу конуштар “ категориясына которууга макулдук берилсин.
2. Ушул токтомдун аткарылышы айыл өкмөтүнүн турак жай жана жер боюнча башкы адиси Т.Акимовго милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кең-Талаа айылдык кеңешинин жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү,жалпыга маалымдоо каражаттары , коомдук уюмдар жана жергиликтүү коомдоштуктар менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кең-Талаа айылдык кеңешинин төрагасы:** **Б.Жумабайев**